MANAS Sosyal Araştırmalar Dergisi 2019 Cilt: 8 Ek Sayı: 1
MANAS Journal of Social Studies 2019 Vol.: 8 S: 1

**Atıfta Bulunmak İçin / Cite This Paper:**
Useev, N. (2019). "Манас эпосундагы Кырк чоро жана Энесай жазма эстеликтериндеги Кырк эр", *Manas Sosyal Araştırmalar Dergisi*, 8(Ek Sayı 1): 744-750
**Geliş Tarihi / Received Date:** 21.11.2018 **Kabul Tarihi / Accepted Date:** 31.12.2018

**Araştırma Makalesi**

# "МАНАС" ЭПОСУНДАГЫ КЫРК ЧОРО ЖАНА ЭНЕСАЙ ЖАЗМА ЭСТЕЛИКТЕРИНДЕГИ КЫРК ЭР

**Dr. Öğr. Üyesi Nurdin USEEV**
Kırgızistan-Türkiye Manas Üniversitesi, Edebiyat Fakültesi, Türkoloji Bölümü
*nuruseev@gmail.com*
ORCID ID: 0000-0002-4192-5216

**Аннотация**

"Манас" эпосун изилдеген окумуштуулардын басымдуу бөлүгү бул эпос менен байыркы түрк (руникалык) жазма эстеликтеринин ортосундагы мазмундук, көркөмдүк окшоштуктарга көңүл бурушкан. Өзгөчө, "Манас" эпосунун генезисин изилдеген А. Н. Бернштам, Р. Кыдырбаева, А. Бакиров ж.б. окумуштуулар эпосто чагылдырылган жашоонун, тарыхый окуялардын, коомдук-этнографиялык кубулуштардын негизинде VII-X кылымдардагы байыркы түрк/кыргыз доору жатканын болжолдошкон. Чындыгында эле "Манас" эпосу менен байыркы түрк (руникалык) жазма эстеликтеринин, байыркы түрк доорунун ортосунда биртоп окшоштуктар бар. Алардын бири – бул эл башкарган бектердин, баатырлардын жанындагы жөкөрлөрү. Белгилүү болгондой, Манастын жанында ага тирек болгон кырк чоросу жүргөн. Ошол эле мезгилде Энесай жазма эстеликтеринде өмүр-баяны сүрөттөлгөн бектердин да кырк жигити болгон. Макалабызда мына ушул окшоштук каралып, кеңири иликтөөгө алынды.

**Ачкыч сөздөр:** "Манас" эпосу, Орхон-Энесай жазма эстеликтери, кырк чоро, кырк эр.

## FORTY CHOROS IN THE "MANAS" EPIC AND FORTY PRIVATE SOLDIERS IN THE YENISEI INSCRIPTIONS

**Abstract**

Scientists, who have studied the "Manas" epic noted story, ideological and artistic affinity with the Orkhon-Yenisei inscriptions. In particular, Scientists such as A. N. Bernshtam, R/ Kydyrbaeva and A. Bakirov, who have studied the origins of the epic, thinks that the life depicted in the Manas epic is based on the historical events and ethnographic occurrences of the Old Turkic period in the VII-X centuries. Indeed, there are many similarities between the "Manas" epic and the Old Turkic runic written monuments, the Old Turkic period. One of them is the attendants of monarchs and heroes. As it is known, Manas had always had forty choros. At the same time, in the Yenisey inscriptions are described about forty private. This similarity is examined in our paper.

**Keywords:** The "Manas" Epic, The Old Turkic Runic Written Monuments, Forty Choros, Forty Private Soldiers.

## 1. КИРИШҮҮ

“Манас” эпосунун идеялык-көркөмдүк, стилистикалык өзгөчөлүктөрүн, келип чыгышын, тилин, образдар системасын жана андагы этнографиялык-тарыхый маалыматтарды изилдөөгө алган окумуштуулар бул эпос менен байыркы түрк жазма эстеликтеринин ортосундагы окшоштуктарга көңүл бурушкан. Мисалы, П.А.Фалев “Манас” эпосунун башталыш формуласы менен Көл Тигин жазма эстелигинин башталышынын ортосундагы окшоштукка көңүл буруп, “Манас” эпосу менен Орхон жазма эстеликтерин салыштырып изилдөө орундуу деп белгилейт (Фалев, 1968: 50). М.Ауэзов “Манас” эпосу менен Орхон жазма эстеликтеринин мазмундук окшоштуктарына (согуш сахналары, эпитафиялар менен эпостун ичиндеги кошоктор) токтолуп, бул багытта мындай жыйынтык чыгарат: *в результате всего высказанного можно сделать вывод о необходимости и важности изучения текстов “Манаса” в сопоставлении с древними надписями и существовавшими до недавнего времен бытовыми песнями киргизов* (Ауэзов, 1995: 156).

## 2. “МАНАС” ЭПОСУНДАГЫ КЫРК ЧОРО

Биз да бул макалабызда “Манас” эпосу менен кыргыздарга таандык Энесай жазма эстеликтериндеги кырк чоро – кырк эр мотивин салыштырып, булардын өзгөчөлүктөрүн изилдөөгө алдык. Себеби окумуштуулардын басымдуу бөлүгү “Манас” эпосун VII-X кылымдардагы байыркы түрк/кыргыз доорунда пайда болуп, аталган доорду чагылдырган эпос катары сүрөттөйт. Бул багытта А.Бакиров “*Орхоно-енисейские памятники, отразившие грандизные события, которые происходили в VI-X вв. на юге Сибирии, являются ценнейшим источником для изучения характера эпохи породившей новый эпос*“ десе (Бакиров, 1997: 68), П. А. Трояков “*Более того орхоно-енисейские надписи сами себе показывают обусловленность развития историко-героического начала в фольклорной традиции грандиозными событиями, которые происходили в VI-X вв. на юге Сибирии*” дейт (Трояков, 1983: 77). А.Х.Маргулан “Манас” эпосундагы түпкү хан термини менен Энесай кыргыздарынын ханы берилгенин болжолдоп, “Манас” эпосунун байыркы катмары Түрк кагандыгы доорунда калыптанганын белгилейт (Маргулан, 1964: 40-41). Чынында эле байыркы түрк жазма эстеликтери “Манас” эпосунда сүрөттөлгөн жашоону, баатырлардын образын, алардын идеалдарын, кыймыл-аракеттерин изилдөөдө өтө баалуу булак болуп бере алат.

Түрк эпосторунда, анын ичинде, “Манас” эпосунда, Деде Коркут дастанында, Чынгызнамеде кырк жигит жана кырк кыз мотивдери кеңири учурайт (Güvenç, 2009: 92).

А.Инандын оюу боюнча кырк жигит кошууну жогорку деңгээлдеги аскердик-демократиялык маданиятка жеткен, чоң жана кичине урууларды башкарган баатырлардын тегерегинде пайда болгон (İnan, 1987: 238). “Манас” эпосунун баш каарманы Манастын жанында дайыма кырк чоросу жүргөн. Булардын башында Кыргыл аттуу киши турган:

С.Каралаев, “Манас”, 2010, 000-бет

Эрен келет, шер келет,
Эрикпей күтүп, жолдош жый,
Өзүңө тете эр келет,
Кырк жерден келет **кырк чоро**,
**Кырк чоро** эмес, ошолор
Кыраанын, сенин өзүңө
Кылымды бузар кырк жоро.
Кыялын тапсаң **кырк кашка**,
Кыркынын жөнү кырк башка,
Оорутпай күтсөң аларды
Кылымды бузар көйкашка.

С.Орозбаков, VI китеп, 378-бет, 14928-14947-саптар

Арстан Манас баатыры
Бейшемби күнү таң менен
Аккелте атты акыры.
Аккелте үнү чаңырды,
Айылы жакын баатырды
«Келиңер!» — деп, кыйкырып,
Арстан эрдин бу күндө
Ач кыйкырык жаңырды.
**Кырк баатырдын** баарысын
Азыр кел — деп, чакырды,
Алыстагы чорого
Алты муршап чаптырды,
Ата уулунун баарысын
Аттансын — деп, чакырды.
Келди баары **кырк баатыр**,
Ата уулунун баарысы
Ар тараптан келатыр.
**Кырк чоронун** баарысы,
Кыргыл, Бакай карысы,
Кыйындары барышты,

Биринчи текст Аккуланы алып жолдо келе жаткан Манаска жолуккан дубанага таандык. Дубана өз сөзүндө Манаска кырк жерден кырк чоронун келе турганын, алар ага чоң колдоо көрсөтүп, дүйнөнү ала турганын айтат.

Экинчи тексттин жөнү төмөнкүдөй. Манас менен согушуп, күч сынашмак болгон Алмамбет жолго чыгып, Алтай тоолорунда казактардын баатыры Көкчөгө жолугат. Көкчө ага ислам динин айтып берет. Мусулман болгон Алмамбет ата мекенинен, Кытайдан

качып чыкканда алгач казактарга жайгашып, аларга көптөгөн жакшылыктарды кылат. Анын таасири артып баратканына ичи күйгөн казак бектери Алмамбет менен Көкчөнүн ортосун бузушат. Бир күнү мас болгон Көкчө Алмамбет менен урушат. Мындан улам Алмамбет казактардан кетип, Мекеге карай жол алгысы келет. Ушул тапта Алмамбеттин келе турганын билген Манас аны тосуп алуу үчүн ууга чыгат. Жогорудагы текстте Манас ууга чыгардан мурун кырк чоросуна кабар берип, алар менен кеңеш курат. Демек, Манас үчүн анын кырк чоросу согушта жөлөк, масилетте кеңешчи болгон, анын ар кыл урууларлардагы өкүлдөрү катары кызмат өтөгөн эң жакын жөкөрлөрү.

Кыргыздын ар кыл урууларынын жана коңшулаш, тууган элдердин өкүлдөрү болгон Манастын кырк чоросунун ар биринин кандайдыр бир өзгөчөлүктөрү да бар. Мисалы, Каратөлөк төлгөчү болсо, аргындын Каракожосу акыл кошчу, Ажыбай күлдүргүч катары белгилүү болгон (Манас. С.Орозбаков энциклопедиясы, 2015, 620-621).

С.Каралаевдин вариантында кырк чоронун Манаска келиши өз алдынча бөлүм катары толук сүрөттөлгөн:

С.Каралаев, “Манас”, 2010, 000-бет

Серпишке кирчү Сереги,
Бу да кандын уулу экен,
Кан Манастын кереги
Келип конду Таласка,
Чоро болду Манаска.
Төлгөчү Кара Төлөгү,
Төрт тарап менен жоолашса,
Төрө Манас баатырга
Төлгө тартып берери,
Адык кандын Акжолтой,
Атышкан жоого сан колдой,
Келип конду Таласка,
Чоро болду Манаска.
Алышкан жоодон кайтпаган,
Ажалдан кайра тартпаган,
Баабединдин Байчоро
Көпкөк темир кийинген,
Тынччылык десе күйүнгөн,
Жаңжал десе сүйүнгөн,
Бу да келди Таласка,
Чоро болду Манаска.
Артык кандын Акжайнак
Эр адамдын ыктуусу,
Капыядан сөз баштап,
Кабак ачар мыктуусу,
Даанышмандын булбулу,
Боз баланын туйгуну,
Бу да келди Таласка,

Чоро болду Манаска.
Кой казына козулуу
Кошо жолдош болду эми,
Манас кандын Боз уулу,
А да келди Таласка,
Чоро болду Манаска.

Жогорудагы кыска текстте Серек, Кара Төлөк, Акжолтой, Байчоро, Акжайнак сыяктуу чоролордун Манаска келип чоро болушу, алардын ар кандай өзгөчөлүктөрү, ата-тектери сүрөттөлгөн. Белгилей кетчү нерсе, Манастын кырк чоролуу болушу "кой казына козулуу" сөз айкашы аркылуу баса белгиленген[1].

Эпосто Манастын кырк чоросунун өз-өзүнчө шаарлары болгон:

С.Орозбаков, "Манас", V китеп, 345-346-
беттер, 13008-13012-саптар

Кара-Корум четинде,
Энесай дайра бетинде
Чалыбай деген шаары бар,
Айта берсе кырк чоро
Калаасынын баары бар.

Күбө болгонубуздай, бул текстте Манастын өзүнүн жана кырк чоросунун бөлөк бөлөк шаарлары болгону, аталган шаарлардын Пекинге карай созулганы жана азыркы тапта кытайлардын колунда калганы баяндалган. Каралып жаткан тексттин максаты – бул башында Манас турган кыргыз / түрк мамлекетинин зор аймагын, Пекинге карай созулганын көрсөтүү жана мамлекеттин аймактык бөлүнүшүн сүрөттөө. Себеби Манастын кырк чоросу бир эле учурда ар башка аймактарды, урууларды башкарган бийлер; согуш, казат учурунда аскердин эң маанилүү бөлүгүн түзгөн баатырлар эле. Б.Өгел байыркы түрктөрдө мамлекеттик түзүлүш "урууларга негизделип курулган түзүлүш" жана "шаарларга карата түзүлгөн башкаруу системасы" деген эки элементке негизделгенин жазат (Ögel, 1991: 207). Бул маалымат кырк чорого таандык шаарлардын жана бул шаарлардын кырк чоро тарабынан башкарылышынын себебин түшүндүрөт. Башкача айтканда, кырк чоронун бир эле учурда урууларды жана шаарларды башкарышы Б.Өгел белгилеген байыркы түрктөрдүн мамлекеттик түзүлүшүнө ылайык келет. Демек, кырк чоро кыргыздын, түрк урууларынын бөлөк-бөлөк урууларын башкарган уруу башчылары катары да кызмат өтөгөн.

[1] Кой казына козулуу сөз айкашынын чоросу көп окүмдарды, жөкөрү көп баатырды билдиргени тууралуу кар.: Useev, N. Şiveet Ulaan Mezar Külliyesindeki Kuzulu Koyun Heykeli ve Manas Destanı // Türkbilig, Sayı 33, Bahar 2017, s. 15-24.

## 3. ЭНЕСАЙ ЖАЗМА ЭСТЕЛИКТЕРИНДЕГИ КЫРК ЭР

Р.Сарыпбеков түрк-монгол эпосторундагы кырк чоро тибиндеги образдардын тарыхый негизи бар экендигин белгилейт (Сарыпбеков, 1977: 153). Р.Кыдырбаева кырк чорону Түрк кагандыгынан калган белги катары эсептейт (Кыдырбаева, 2013: 50). А.Бакиров да эпостогу Манас менен анын кырк чоросу Түрк каганаты доорундагы аскер башчылар менен жан-жөкөрлөрүн эске салат деп белгилейт (Бакиров, 1997: 72). Чынында эле, кыргыздардан калган Энесай жазма эстеликтеринен эки текстте Манастын кырк чоросуна окшогон кырк эр, баатыр тууралуу маалыматтар орун алган. Хемчик-Бом I (Е 96) жазма эстелигинин үчүнчү сабында урматына бул жазма эстелик тургузулган адам "**Кырк эриме** бөкмедим, улугымка, кичигимке бөкмедим (*Кырк эриме тойбодум, улууларыма, кичүүлөрүмө тойбодум*)" деп кырк эрине канбай, тойбой калганын белгилейт (Усеев, 2011: 569). Демек бул адамдын Манастын кырк чоросундай кырк жөкөрү, жигити болгон. Уйбат VI (Е 98) жазма эстелигинин экинчи сабында төмөнкүдөй сүйлөм жайгашкан: Буң буңа адырылдыңыз. Ачыга, **кырк эриг** каңсыз кылдыңыз (*Муң кайгы ичинде каза болдуңуз. Аттиң ай, кырк эрди атасыз кылдыңыз*) (Усеев, 2011: 573). Бул сүйлөмдөрдө жазма эстеликти тургузган кишилер урматына эстелик тургузулган Тириг Бег аттуу адамдын өлүмүнөн улам кырк эринин атасыз калганын жазышкан. Демек Тириг Бег тирүүсүндө кол астындагы кырк жөкөрүнө атадай камкордук кылчу. Ошондуктан аны атага салыштырып жатышат.

"Манас" эпосундагы Манастын чоролорунун жана Энесай жазма эстеликтериндеги бектердин жөкөрлөрүнүн санынын кырк болушу кырк санынын түрдүү символикалык маанилерине байланыштуу. Христианчылык, ислам сыяктуу диндерде маанилүү, ыйык убакыт өлчөмүн, мезгилди билдирген бул сан орустарда көптүктү да, белгилүү бир чекти да чагылдырат (Маслова, 2004: 94). Башкырттарда кырк саны 1) маанилүү, ыйык убакыт өлчөмүн, мезгилди (кыркы чыгу (кыркы чыгуу (төрөлгөндөн же каза болгондон кийин кырк күн өтүү))) 2) аралык өлчөмүн (кырк адым (кырк кадам) жана 3) толук болуу, чек, бүтүндүк маанилерин камтыган өлчөмдү (кырк көнек суы (кырк көнөк суу)) чагылдырат (Муратова, 2009). К.Габитханулы кырк санынын казак эл адабиятында айрым учурларда убакыт жана аралыктын эң узун чегин, айрым учурларда сандын эң көбүн чагылдырганын белгилеп, бул сандын ыйык деп эсептелишин төрт саны менен байланыштырат (Габитханулы, 2006: 137-141). Тарыхый жана азыркы түрк тилдеринде кырк саны а) адам өмүрүнүн белгилүү бир мезгилин, б) толук болууну, жетиштүүлүктү (кырк жолу айттым, кырк жылдын башында, кыркка чыдаган кырк бирге хем чыда) билдирет (Тенишев жана башк., 2001: 591-592). Кырк саны ээ болгон ар түрдүү маанилерин, баалуулуктарын мифологиялык доорлордон жана

ыйык диндерден алып, даярдоо жана бүтүрүү, аяктоо саны, көптүк билдирүү жана эл адабиятынын жанрларында формулалык сан катары колдонулат (Güvenç, 2009: 95).

## ЖЫЙЫНТЫК

Жогорудагы маалыматтардан улам VI-X кылымдарда байыркы түрк урууларында, анын ичинде кыргыздарда эл башкарган бектердин, элдин камын көргөн баатырлардын кырк жигит күтүү каадасы болгон деп айта алабыз. Эң негизгиси – бул Манастын кырк чоросу менен жазма эстеликтердеги адамдардын кырк эри дал келип, бул эки улуттук рухий дөөлөтүбүздүн үндөшүп жатышы. Демек Манас эпосундагы кырк чоронун тарыхый прототиби жазма эстеликтердеги кырк эр болуп эсептелет деп болжолдосок болот. Ошол эле мезгилде бул окшоштук кырк санынын символикалык маанисинен келип чыккан типологиялык үндөштүк да болушу ыктымал. Кандай болгон күндө да Энесай жазма эстеликтериндеги кырк эр, жигит тууралуу маалыматтар "Манас" эпосундагы кырк чоронун образынын байыркы түрк доорунда калыптанганын көрсөтүп турат. Ошондуктан бул эки маданий дөөлөтүбүздү салыштырып изилдөө манастаануунун, түркологиянын милдеттеринин бири.

## АДАБИЯТТАР

Ауэзов, М. (1995). О времени возникновения эпоса "Манас" // Энциклопедический феномен эпоса "Манас". – Бишкек: Гл.ред. КЭ, С. 149-174.

Бакиров, А. (1997). Историзм эпоса "Манас". – Бишкек.

Габитханулы К. (2006). Казак мифологиясының тилдеги көриниси. – Алматы.

Кыдырбаева, Р.З. (2013). В начале было Слово. – Бишкек.

Манас. С.Орозбаков энциклопедиясы. – Бишкек, 2015.

Манас: баатырдык эпос (С Орозбаков), V китеп (даяр: Мусаев Самар жана Медералиева Ж.). – Бишкек: Кыргыз улуттук илимдер академиясы, 2006.

Манас: баатырдык эпос (С Орозбаков), VI китеп, (даяр: Мусаев Самар). – Бишкек: Кыргыз улуттук илимдер академиясы, 2006.

Манас: баатырдык эпос (С. Каралаев), (даяр: Жайнакова Айнек, Акматалиев Абдылдажана). – Бишкек, 2010.

Маргулан А. Х. (1964). Шокан жане Манас. – Алма-Ата.

Маслова, В. А. (2004). Когнитивная лингвистика. – Минск.

Муратова Р.Т. (2009). Символика чисел в башкырском языке (автореферат на соискание ученой степени кандидата наук филологических наук). – Уфа.

Сарыпбеков, Р. (1977). Алманбеттин образынын тарыхый өнүгүшү. – Фрунзе.

Тенишев Е.Р. ж.б., (2001). Сравнительно-историческая грамматика тюркских языков, лексика. – Москва: Наука.

Трояков, П. А. (1983). Аналогии героическому эпосу тюркоязычных народов в Орхоно-енисейских памятниках // Фольклор и историческая этнография. – Москва: Наука, С. 74-88.

Усеев, Н. (2011). Енисей жазма эстеликтери I: лексикасы жана тексттер. – Бишкек: Кыргыз Улуттук илимдер академиясы жана КТМУ.

Фалев, П. (1968). Как строится кара-киргизская былина // "Манас" – героический эпос киргизского народа. – Фрунзе, С. 49-55.

Güvenç, A. Ö. (2009). Kırk Sayısının Halk Edebiyatı Ürünlerinde Kullanımı Üzerine Bir İnceleme // Atatürk Üniversitesi Türkiyet Araştırmaları Enstitüsü Dergisi. Sayı 41, s. 85-98.

İnan, Abdulkadir. (1987). Türk Destanı ve Masallarında 'Kırklar' Motifi // Makaleler ve İncelemeler. – Ankara, s. 238-240.

Ögel, Bahaeddin. (1991). Türk Kültürüne Giriş, Türklerde Köy ve Şehir Hayatı (Göktürklerden Osmanlılara), Cilt I. – Ankara: Kültür Bakanlığı Yayınları.

Useev, N. (2017). Şiveet Ulaan Mezar Külliyesindeki Kuzulu Koyun Heykeli ve Manas Destanı // Türkbilig, Sayı 33, Bahar, s. 15-24.